**Каралды:**
**Педагогикалык**
**кеңештин**
**№1 протоколунда**
**“29” август 2022-жыл**

**Бекитем:**
**№ 94 жалпы орто билим берүү**
**мектебинин милдетин аткаруучу**

**Ажыгулова К.К.**

## № 94 ЖОББ мектебинин штаттык жүгүртмөсү жөнүндө жобо

**1.Жалпы жобо**

1.1. Бул жобо Кыргыз Республикасынын “Билим берүү” негизинде иштелип чыкты.

1.2..Штаттык жүгүртмө-бул мекеменин курамы,кызматтык орундардын саны жана кызматтык акылардын өлчөмү,белгилүү кызматтар боюнча кошумча төлөмдөр көрсөтүлгөн билим берүү мекемесинин жетекчиси тарабынан бекитилген уюштуруу документи.

**2.Штаттык жүгүртмөнү калыптандыруу**

2.1. Штаттык жүгүртмөнү калыптандырууда жана кызматтык милдеттерди бөлүштүрүүдө бюджеттик деңгээлдеги эмгек акы төлөө фондунун каржы каражаттарынын эсебине таянуу менен нормативдик пландоо ыкмасын колдонуу керек.Нормалдык штаттык ченем бюджеттик каражаттардан каржыланат.

2.2. Билим берүү мекемесинин штаттык жүгүртмөнү билим берүү мекемесинин тиби жана түрү,кызматтардын тобу жана категориясына жараша калыптанат.Мекеменин эмгек акы төлөө фондун калыптандыруу бир жылга каралган бюджеттик каражаттын көлөмүнүн негизинде жүргүзүлөт.

Бул төмөнкүлөрдүн негизинде келип чыгат:

А) Жалпыга жеткиликтүү жана акысыз жалпы баштапкы,негизги жалпы,жалпы орто билим берүүнү жана каржылоо нормативин эске алуу менен окуучулардын санын кармоого негизделген каржылоо нормативинен,

Б) Билим берүү мекемесиндеги окуучулардын санынан,

В) Каржылоо нормативиндеги эмгек акы төлөө фондунун үлүшүнөн.

2.3. Билим берүү мекемесинин штаттык жүгүртмөнү жумушчулардын үч нормативдик категориясы каралат.

2.3.1. Администравтивдик персоналдарга билим берүү мекемесинин жетекчилери, анын орун басарлары кирет.

2.3.2. Педагогикалык персоналдарга мугалимдер, ТТКН мугалимдери кирет.

2.3.3. Тейлөөчү категориядагы персоналдарга имаратты тейлөө боюнча жумушчулар, айдоочулар, иш алып баруучу-секретарлар,кароолчу,ашпозчу, ашпозчунун жардамчысы, кызматтык имаратты тазалоочулар кирет.

2.4. Педагогикалык кызматкерлердин кызматтык саны окуу планындагы сааттардын санын педагогикалык кызматкерлердин жумуш убактысынын нормасына жараша бөлүү менен аныкталат. Бул Кыргыз Республикасынын Билим берүү уюмундагы педагогикалык кызматкерлердин жумуш убактысынын узактыгы токтомунун негизинде жүргүзүлөт.

2.5. “Жумушчулар” категориясындагы билим берүү мекемесинин тазалоочусу кызматындагылардын санын эсептөө боюнча нормативдер.

| Тазалануучу жайдын аты. | Бир жумушчунун күнүнө тейлөө нормасы $м^2$ | Эскертүү |
|---|---|---|
| Кызматтык имарат,окутуу класстары,тепкичтер санитардык жайлар. | 620 $м^2$ | 620 $м^2$. Тазалануучу аянтка 1 ставка |

Билим берүү уюмундагы анттарды, класстарды тазалоочу жумушчулардын санын аныктоо көрсөтүлгөн эсептен чыкпашы керек.

**2.6**. Билим берүү уюмундагы тарифтик тизмени түзүү үчүн тарифтик комиссия жана эксперттик комиссия түзүлөт.Комиссиялардын бардык иш- аракеттеринин жыйынтыктары боюнча протоколдор жазылат жана билим берүү мекемесинин жетекчисинин буйругу менен бекитилет.

**2.7.** Штаттык жүгүртмө киргизилген штаттык жүгүртмөнү жаңы редакция өзгөртүүлөр билим берүү уюмунун директорунун буйругу менен бекитилет, эгерде штаттык жүгүртмө жаңы редакцияда бекитилсе,анда мурунку штаттык жүгүртмө күчүн жоготот.